**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**
**АКАДЕМИК МИРСАИД МИРРАХИМОВ АТЫНДАГЫ КАРДИОЛОГИЯ ЖАНА ТЕРАПИЯ УЛУТТУК БОРБОРУ**

**И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

Д 14.24.694 диссертациялык кенеши

Кол жазма укугунда
**УДК 616.24-008.44:616.124.3-073.43:612.017.2(=512.154)**

**МАРИПОВ Абдирашит Маматисакович**

# ДЕНИ САК ЖАНА БИЙИК ТОО ӨПКӨ ГИПЕРТОНИЯСЫ МЕНЕН ООРУГАН ТООЛУКТАРДА ӨПКӨНУН ГЕМОДИНАКАСЫ, УКТОО УЧУРУНДАГЫ ДЕМ АЛУУ ПАТТЕРНДЕРИ ЖАНА ЖҮРӨКТҮН ОН КАРЫНЧАСЫНЫН СТРУКТУРАЛЫК ЖАНА ФУНКЦИЯЛЫК РЕМОДЕЛИРОВАНИЯСЫ

14.01.04 – ички оорулар

Медицина илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу учун жазылган диссертациянын
**авторефераты**

**Бишкек – 2025**

Иш академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунунун өпкө гипертония жана тоо медицина бөлүмүндө аткарылган.

**Илимий консультанты**: **Сарыбаев Акпай Шогаибович**
Медицина илимдеринин доктору, профессор, академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунунун өпкө гипертония жана тоо медицина бөлүмүнүн башкы илимий кызматкери.

**Официалдуу оппоненттер:** **Бримкулов Нурлан Нургазиевич**
медицина илимдеринин доктору, И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын илим изилдөө менеджменти кафедрасынын профессору

**Мукатова Ирина Юрьевна**
медицина илимдеринин доктору, КЭАК «Медициналык Астана университеттинин» нефрология, гематология, аллергология, иммунология курсу менен ички оорулар кафедрасынын профессору

**Рахимова Дилором Алимовна**
медицина илимдеринин доктору, профессор, Узбекистан Республикасынын Саламатыкты сактоо Министерствосунун "Пульмонология" илимий лабораториясынын, Республикалык адистештирилген илимий-практикалык медициналык дарылоо жана реабилитациялык борборунун башчысы

**Жетектоочу уюм**: Федералдык мамлекеттик автономдук жогорку билим берүү мекемеси «Н.И. Пирогов атындагы Россиялык улуттук илим изилдөө медициналык университети» (117997, Россия, Москва ш., Островитянова көч., 1).

Диссертацияны коргоо 2025-жылдын _________ медицина илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына караштуу Д 14.24.694 диссертациялык кенештин отурумунда откорулот. Дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тоголок Молдо кочосу, 3, лекция залы. Диссертациянын коргоо боюнча видеоконференцияга кирүү шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/142-osc-4fa-33q.

Диссертация менен Кырыгз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун (720040, Кырыз Республикасы, Бишкек ш, Тоголок Молдо коч., 3), И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (720020, Бишкек ш., Ахунбаев коч., 92) китепканалырыны жана http://vak.kg сайтын таанышууга болот

Автореферат 2025 жылдын________ таратылды.

**Диссертациялык кенешинин окумуштуу катчысы,**
**медицина илимдеринин кандидаты, доцент** **С. С. Абилова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Соңку баалоолорго ылайык, дүйнөдө 83 миллионго жакын адам деңиз деңгээлинен 2500 метрден жогору бийиктиктерде туруктуу жашайт, бул 35 өлкөнү камтыйт [Beall et al., 2014]. Республикабыздын аймагынын маанилүү бөлүгүн тоолор ээлейт, анын 50% дан көбү деңиз деңгээлинен 3000 метрден жогору жайгашкан. Ошондуктан, биздин өлкөбүздүн калкынын басымдуу бөлүгү туруктуу түрдө тоо шарттарында жашайт. Узак убакыт бою тоо шарттарында жашаганда адамдардын айрым бөлүгүндө тоо климатынын таасиринен келип чыккан оорулар пайда болушу мүмкүн [Brundrett et al., 2002], негизги таасир этүүчү фактор гипоксия болуп саналат. Адамдардын организмине жана айрыкча, тоо шарттарында жашоого болгон реакцияларын модуляциялоочу факторлорду түшүнүү, жаңы ыкмаларды иштеп чыгууга гана эмес, ошондой эле гипоксиянын өнүгүшү менен коштолуучу убиквитардык оорулардын дарыланышына жаңы жолдорду табууга жардам берет. Узак убакыт бою тоо шарттарында жашоо адамдардын жүрөк-кан тамыр системасында физиологиялык жана структуралык өзгөрүүлөргө алып келет [Penaloza et al., 2007; Миррахимов et al., 1984]. Тоо шарттарында жашагандарда эритроциттердин көлөмүнүн орточо көбөйүшү жана өпкө кан тамыр басымдын (ӨКТБ) орточо жогорулашы мүнөздүү. Бирок, айрым учурларда тоо оорулары, анын ичинде өнөкөт тоо оорусу жана бийик тоо өпкө гипертензиясы (БТОГ) пайда болушу мүмкүн. Аныккы, күчогон БТОГсы кийинчерээк жүрөктүн оң карынчанын гипертрофиясына (ОКГ) жана оң жүрөк жетишсиздигинин өнүгүшүнө алып келиши мүмкүн, бул дүйнөнүн көптөгөн тоо региондорунда саламаттыкты сактоо үчүн олуттуу проблема болуп саналат [Mirrakhimov et al., 2010; Penaloza et al., 2007]. Ошол эле учурда, БТОГнын жайылышы жөнүндө так маалымат жок, анткени мурдагы изилдөөлөрдө ЛАДды инвазивдүү өлчөө аз адамдарда жүргүзүлгөн, ал эми ири изилдөөлөрдө БТОГсынын бардыгын баалоо үчүн кыйыр критерийлер колдонулган. Тегиздикте жашаган адамдарда, түнкү уйкудагы дем алуунун бузулушунун (УДАБ) натыйжасында интермиттирлөөчү гипоксемия, гипоксиялык өпкө вазоконстрикциясы аркылуу кичи кан айлануу системасында гемодинамикалык бузулууларды жаратууга мүмкүндүк берет. Уйку обструктивдүү апноэ синдромунда (УОАС) өпкө гипертензиясы (ӨГ) женил же орто болгонуна карабай, анын болушу бул бейтаптардын жашоо болжолун олуттуу начарлатат [Minai et al., 2009]. Мындан тышкары, ОГсы жүрөктүн ОКГсына жана дисфункциясына алып келиши мүмкүн. Биз аркылуу жакында жүргүзүлгөн мета-анализ УОАСму менен жабыркаган ооруударда журоктун оң карынчасынын калыңдашы жана кеңейиши, ошондой эле анын функциясынын бузулушу менен шартталган анын ремоделированиесин корсоттту [Maripov et al., 2017]. Тоодо уктоого олуттуу гиповентиляция менен коштолгон артериалдык кандын десатурациясынын олуттуу периоддору мүнөздүү. Алвеолярдык кислороддун басымы төмөн болгон тоо шарттарында деңиз деңгээлине салыштырмалуу, уйку апноэси ого бетер тез жана олуттуу

гипоксемияга алып келет. Ошол эле учурда, этникалык тоолук кыргыздарда УДАБнун гемодинамикасына жана жүрөктүн оң жагынын структуралык-функционалдык абалына (ЖОЖСФА) тийгизген таасири дээрлик изилденген эмес. Бир нече гана илимий эмгектердин жыйытыгы апноэ менен байланыштуу болгон түнкү интермиттирлөөчү гипоксемиянын жана тоолуу аймакта жашашандагы онокот гипоксемиянын кошулушу ӨКТБнын олуттуу жогорулушына алып келишин божомолдоого мүмкүндук берет [Guvenc et al., 2016].

**Диссертациянын темасынын приоритеттик илимий багыттар, ири илимий программаларга (долбоорлор), билим жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлуучу илимий изилдөө иштерине байланышы.** Диссертациялык иш академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук Кардиология жана Терапия борборунун илимий-изилдөө иштеринин алкагында аткарылган.

**Илимий иштин максаты:** оорунун диагностикалоосун, алдын алуусун жана дарылоосун жакшыртуу максатында опко гипертониясы бар туруктуу тоо жашоочуларынын – этникалык кыргыздардын өпкө гемодинамикасынын параметрлерин, жүрөктүн оң бөлүктөрүнүн структуралык-функционалдык абалын жана уйкудагы дем алуунун бузулушунун аларга тийгизген таасирин изилдөө.

**Изилдөөнүн тапшырмалары:**

1. Тоолуктардын жүрөк-кан тамыр системасынын абалына комплекстүү баа берүү, өпкө кан тамыр басымынын деңгээлин изилдөө, бийик тоолуу калк арасында бийик тоо өпкө гипертониясынын жана өпкө гипертониясынын башка клиникалык формаларынын таралышын баалоо жана бийик тоо өпкө гипертензиясы бар тоолуктардын оң карынчасынын структуралык жана функционалдык абалын изилдөө;
2. Тоолуктарда бийик тоо өпкө гипертензиясынын канда айлануучу перспективдүү биомаркерлерин аныктоо;
3. Дени сак тоолуктардын уйкусунда дем алуу паттерндерин жана аларда уйкудагы дем алуунун бузулуу ыктымалдыгын изилдөө;
4. Обструктивдүү уйку апноэ синдрому бар тоолуктардын өпкө гемодинамикасынын параметрлерин жана жүрөктүн оң болугунун структуралык жана функционалдык абалын изилдөө;
5. Обструктивдүү уйку апноэ синдрому бар тоолуктардын дем алуу жолдорунда үзгүлтүксүз кобойтулгон аба басымы менен кыска мөөнөттүү дарылоосунун уйку паттерндериндеги таасирин изилдөө.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

- Бул иште кыргыздардын бийик тоолуу шартка туруктуу ыңгайлашуусуда жүрөктүн структуралык жана функциялык абалы жөнүндө жаңы маалыматтар алынды;

– Опко гипертониясы бар тоолуктарда бийик тоо өпкө гипертониясынын таралышы такталды жана башка опко гипертониясынын ар турдуу клиникалык формаларынын дагы кездешуусу аныкталды;

- Биринчи жолу тоолуктарда бийик тоо өпкө гипертониясынын келечектүү биомаркерлери изилденди;

- Дени сак тоолуктардын уйкудагы дем алуу паттерндери изилденген;

- Уйкудагы дем алуунун өпкөнүн гемодинамикасына жана структуралык жана функционалдык абалына тийгизген таасири аныкталган.

- Обструктивдүү уйку апноэ синдрому бар тоолуктарда уйку учурундагы дем алуунун бузулушунун өпкө гемодинамикасына жана жүрөктүн оң болугунун структуралык жана функционалдык абалына тийгизген таасири аныкталган;

- Обструктивдүү уйку апноэ синдрому бар тоолуктардын дем алуу жолдорунда үзгүлтүксүз кобойтулгон аба басымы менен кыска мөөнөттүү дарылоосунун уйку паттерндерине тийгизген таасири бааланган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү**

- Тоолуктарда бийик тоо өпкө гипертониясынын таралышы, аны менен кошо өпкө гипертониясынын ар кандай клиникалык формаларынын этиологиялык спектри аныкталган;

- Өпкө гипертензиясы бар деңиз деңгээлинде жашоочулар үчүн түзүлгөн Европа Респиратордук Коомунун диагностикалык алгоритми сыяктуу эле бийик тоо өпкө гипертониясын диагностикалоого дагы комплекстүү мамиле кылуунун зарылдыгы негизделген;

- Бийик тоо өпкө гипертензиясынын өнүгүү ыктымалдуулугунда ар кандай модуляциялоочу факторлордун (азот кычкылы, жыл мезгили, коштолгон бузулуулар жана оорулар), перспективдүү биомаркерлердин ролу ачылды жана молекулярдык маркерлери аныкталган;

- Жүрөктүн оң карынчасынын жашыруун функционалдык өзгөрүүлөрүн эрте аныктоо учун бийик тоо өпкө гипертониясы менен ооруган пациенттерде өтө сезгич ткандык допплер эхокардиографиясын колдонуунун максатка ылайыктуулугу негизделген;

-Өпкө гипертониясынын өнүгүүсүнүн патогенетикалык механизмдеринде уйкудагы дем алуунун бузулушунун ролу аныкталган;

- Обструктивдүү уйку апноэ синдрому бар тоолуктарда дем алуу жолдорунда үзгүлтүксүз кобойтулгон аба басымы менен кыска мөөнөттүү дарылоосу (СИПАП-дарылоосу) уйку паттерндерин ондоодо натыйжалуу экени далилденген.

**Коргоого алынып чыгуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Бийик тоодо жашоочуларда өпкөнүн гипертониясы жалпы популяциясынын 8,1% пайызында кездешет; анын ичинде бийик тоо өпкө гипертониясы алардын үчтөн эки бөлүгүндө (2/3) байкалат, ал эми калган учтон бир бөлүгү өпкөнүн гипертониясынын башка клиникалык формалары экендиги көрсөтүлөт (ӨӨОО, ТЖК, ПБЖК, ЖӨРО, ӨТЭӨГ);

2. Тоолуктардын опко кан тамыр басымынын деңгээлине жана өпкө гипертониясынын оордук даражасына ар түрдүү модуляциялоочу факторлор таасир этет. Мисалы, дем чыгаруудагы абада азот кычкылынын төмөнкү деңгээли опко кан тамыр басымынын бийигирээк денгээли менен шериктешет,

ал эми курч жана өнөкөт муздактын таасири опко кан тамыр басымынын көтөрүлүшүнө алып келет;

3. Бийик тоо өпкө гипертониясы бар тоолуктарда кадикадимки адаттагы эхокардиографиянын корсотуулоруно ылайык, жүрөктүн оң бөлүгүнүн өлчөмдөрүнүн орточо чоноюшу менен систоликалык функциясынын сакталгандыгы байкалат. Ото сезгич ткандык доплер эхокардиографиясын колдонуу алардын жүрөктүн оң бөлүгүнүн диастоликалык функциясынын олуттуу бузулушун жана латенттүү систоликалык дисфункциясын аныктоого мүмкүнчүлүк берет, бул болсо бийик тоо өпкө гипертониясы менен ооруган бейтаптарда жүрөктүн оң бөлүгүнүн жашыруун функционалдык өзгөрүүлөрүн эрте аныктоо учун заманбап, ото сезгич визуалдаштыруу методдорду колдонуунун маанилүүлугун баса белгилейт;

4. Белгилүү бир биоактивдүү молекулалардын плазмалык деңгээли, анын ичинде апоптоз фактору FasL жана ангиогендик фактору Angptl4, бийик тоо өпкө гипертониясынын потенциалдуу өзгөчө биомаркерлери катары кызмат кыла алат. Жылдын муздак мезгилде, бийик тоо өпкө гипертониясы бар тоолуктардын кан плазмасында сезгенуу клеткаларынын маркерлери болгон CD68-позитивдүү микрочастицаларынын саны көбөйөт.

5. Дени сак тоолуктардын уйкудагы дел алуу паттерндери тегиз жерде жашагандар менен салыштырганда айырмаланбайт; тооолуктардын жана тегиз жерде жашагандардын уйкудагы дем алуунун бузулуш ыктымалдуулугу салыштырмалуу окшош.

6. Обструктивдүү уйку апноэ синдрому бар тоолуктарда өпкө кан тамыр басымынын айкын жогорулоосу, структуралык өзгөрүүлөр жана жүрөктүн оң бөлүгүнүн диастоликалык жана глобалдык систоликалык функцияларынын бузулушу байкалат; апное тобокелдик факторлору, оордугу окшош орто жана оор формадагы обструктивдүү уйку апноэ синдрому бар тоолуктарда тегиз жерде жашагандарга салыштырмалуу жүрөктүн оң бөлүгүнүн диастоликалык жана глобалдык систоликалык функцияларынын айкын бузулуусу кобуроок болот.

7. Обструктивдүү уйку апноэ синдрому менен жабыркаган тоолук кыргыздарда СИПАП-дарылоосу апноэ жана гипопноэ эпизоддорунун санын кыскартуу, түнкү десатурацияны азайтуу аркылуу уйку паттерндерине он таасирин тийгизет.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Бул ишти аткаруу үчүн автор Европа Респиратордук Коомунун грантын утуп алып, Варшавадагы өпкө оорулары клиникасында профессор Ян Жилинскийдин жетекчилиги астында полисомнография боюнча бир жылдык окууну аяктап, уйку учурунда дем алуунун бузулушу бар бейтаптарды текшерүү жана дарылоо боюнча чет элдик кесиптештеринин тажрыйбасын үйрөнуп Кыргызстанда ишке ашыруу менен практикада ийгиликтүү колдонгон. Автор тарабынан адабияттарды талдоо жүргүзүлгөн, тегиз жана бийик тоо аймактарына илимий-практикалык экспедициялар уюштурулган, тегиздикте жана бийик тоо аймактарында жашагандарга текшерүү уюштурулуп, алынган маалыматтардын анализи жана

статистикалык иштетүү жүргүзүлгөн, изилдөөнүн жыйынтыктарын интерпретациялоо иштери жүргүзүлүп, Кыргызстандын шарттарында өпкөнүн гипертониясын диагностикалоо жана дарылоону оптималдаштыруу жолдору сунушталган.

**Изилдоонун натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациянын материалдары Россиянын «Өпкөнүн гипертониясы» аттуу Конгрессинде (Москва, 2015), Евразиялык Респиратордук Коомдун IX Конгрессинде жана Орто Азия Пульмонологдор Ассоциациясынын VII Конгрессинде (Ташкент, 2016), Россиянын Улуттук Кардиологдор Конгрессинде (Екатеринбург, 2016), жыл сайын өткөрүлгөн Евразия Кардиологдор Конгрессинде (Бишкек, 2017; Москва, 2018; Ташкент, 2019), Европалык Респиратордук Коомдун жыл сайын өткөрүлгөн Конгрессинде (Амстердам, 2015; Париж, 2018; Мадрид, 2019; онлайн, 2020) жана башка көптөгөн форумдарда баяндалды.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Диссертациянын темасы боюнча 50 илимий эмгек жарык көргөн (28 тезис жана 22 макала). Макалалар Web of Science (10 макала), Scopus (12 макала) жана РИНЦ (14 макала) библиографиялык маалымат базаларга кирген жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАК тарабынан сунушталган илимий журналдарда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация кириш сөздөн, 4 бөлүмдөн, корутундулардан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттар тизмесинен жана кыскартуулардан турат; компьютерде терилген тексттин 163 барагын, 10 таблицаны жана 24 сүрөттү камтыйт. Библиографиялык көрсөткүч 288 булактан турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН БАШКЫ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу негизделет, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого сунушталган негизги жоболор көрсөтүлгөн.

**Биринчи бөлүмдө,** адабияттарды карап чыгууда, өпкө кан айлануу жана жүрөктүн оң карынчасынын нормадагы жана алардын гипоксияга реакциясынын, өпкө гемодинамикасын баалоо ыкмалары, жүрөктүн оң карынчасынын структурасынын жана функциясынын өзгөчөлүктөрү чагылдырат. Ошондой эле адабияттарды карап чыгууда ӨГсы жана БТӨГсы жөнүндө учурдагы маалыматтар, коз караштар жана УДАБтары жана алардын ӨГсы менен байланышы келтирилди.

**Экинчи бөлүмдө** бейтаптардын клиникалык мүнөздөмөлөрү берилген, изилдөө ыкмалары баяндалган.

*Изилдөөнүн объектиси:* 1341 бийик тоолуу аймактардын түпкү калкы жана 541 түздүктө жайгашкан айылдардын тургундары.

*Изилдөөнүн предмети:* Кыргыз Республикасынын түздүктө жана бийик тоолорунда жашаган этникалык кыргыздардагы өпкө гемодинамикасы.

**Изилдөөгө киргизүү жана чыгаруу критерийлери.** Калкты скринингдик изилдөөгө 18 жаштан 70 жашка чейинки, бийик тоолуу же туздук

жерлерде туруктуу жашаган бардык адамдар кирди. Өпкөнүн гемодинамикасынын эхокардиографиялык көрсөткүчтөрүн жана ЖОЖСФА салыштырма изилдөөсүнө калктын скринингдик изилдөөсүнүн негизинде алынган дени сактар жана бийик тоо өпкө гипертониясы менен жабыркаган тоолуктар кирди. Өпкө гипертензиясын жана УОАС изилдөөсүнө скринингдик изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык бул оорулардын диагностикалык критерийлерине жооп берген пациенттер киргизилген.

Четтетүү критерийлери: Бийик тоолуу аймактарда жашагандардын популяциялык изилдөөсүнөн, түздүктө узак убакыт бою жашап келген адамдар алынып салынды. Буга ылайык, бийик тоолордо узак убакыт жашагандан кийин жапыз жерге көчүп кеткен адамдар жапыз жердин жашоочуларын популяциялык изилдөөлөрүнөн четтетилген. Эгерде изилдөө маалыматтары толук эмес болсо, изилдөө жазуулары сапатсыз болсо же трикуспидалдык регургитациясы болбосо пациенттер анализден чыгарылды. Мындан тышкары, ЖОЖСФА абалын салыштырма изилдөөлөрдөн төмөнкү оорулар менен ооруган бейтаптар алынып салынды, алар сол жүрөктүн баштапкы жабыркашы (ЖКО, гипертониялык жүрөк, миокардит), ӨГсынын себеби бар экинчилик формалары өпкөнүн өнөкөт обструктивдүү оорусу (ӨӨОО), тубаса жүрөк кемтиктери (ТЖК), журоктун пайда болгон кемтиктери (ЖПБК), тутумдаштыргыч ткандардын диффузиялык оорулары, курч жана өнөкөт сезгенүү оорулары жана ар кандай коштолгон оор абалдар (боор жана бөйрөк жетишсиздиги).

**Изилдөө ыкмалары.** Клиникалык изилдоолор БТӨГсын аныктоо учун атайын иштеп чыгарылган сурамжылоолорду, анкетларды толтурууну, жалпы клиникалык кароолорду, кычкылтек сатурациясын, атропометрикалык корсоткучторду жана кан басымын олчоолорду камтыды. Лабораториялык жана инструменталдык методдорго кандын толук анализи, плазманын жана сыворотканын иммуноферменттик анализи, 12 каналдуу электрокардиография, спирометрия, эки өлчөмдүү жана ткандык доплер эхокардиография жана полисомнография киргизилген. Кан басымы Omron M300 автоматтык кан басымы мониторунун (Omron Healthcare Co., Япония) жардамы менен өлчөнгөн. ЭКГ MAC600 электрокардиографында (General Electric Healthcare, АКШ) 12 стандарттык каналдарда тартылган. Өпкөнүн вентиляциялык функциясы CareFusion (Улуу Британия) компаниясынан MicroLab спирометрин колдонуу менен үч жолку изилдөөнүн жыйынтыгынын негизинде бааланган. Кычкылтектин сатурациясы (SpO2) WristOx 3100 датчиги бар (Нонин, Япония) пульсоксиметр менен өлчөнгөн. Дем чыгарган абадагы азот оксидинин концентрациясы NIOXMINO аппаратынын (Aerocrine AB, Швеция) жардамы менен өлчөнгөн. Эхокардиографиялык изилдөө S5-1 сектордук матрицасы бар кең тилкелүү сенсорду колдонуу менен Phillips (Нидерланды) компаниясынан SX50 портативдик аппаратында жүргүзүлгөн. Кандын клиникалык анализи Mindray BC-2300 (Кытай) автоматтык гематологиялык анализаторунда жүргүзүлгөн. Коммерциялык ELISA комплекттерин колдонуу менен перифериялык кандын плазмадагы же сывороткaнын үлгүлөрүндөгү ар кандай канда айлануучу биомаркерлердин

концентрациясын өлчөө үчүн имуннoферменттик анализ откорулду. Полисомнографиялык изилдоо SOMNOscreentmplus PSG + Tele жабдыктарын колдонуу менен жүргүзүлгөн (2.6.0 версиясы, SOMNOmedics GmbH, Германия). Сипап дарылоо бет маскасы жана автотюнинг режиминде иштеген сипап аппараты аркылуу (Airsense S10, ResMed®, Австралия) 30 бейтапка 1 жума бою орточо 6-7 сааттан өткөрүлдү.

**Изилдоого катышкандардын контингенти.** Бардык бейтаптар изилдөөгө катышууга жазуу жүзүндөгү макулдугун беришти. Изилдөөнүн протоколу академик М. Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун этика комитети тарабынан бекитилген (01.02.2014-ж. № 01-7/65 протоколу жана 01.04. 2015-ж. № 01-1/07 протоколу). Деңиз деңгээлинен 3200 м бийиктикте жайгашкан Ош облусунун Алай районундагы Сары-Могол, Ак-Кыя, Талды-Суу жана Сары-Таш айылдарынын 1341 жашоочуларына скринингдик доплер-эхокардиографиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ушундай эле изилдөө тегиз жерде жайгашкан Чүй облусунун Сокулук районундагы Туз жана Асылбаш айылдарынын жана Москва районундагы Чоң Арык айылынын 541 тургунунун арасында жүргүзүлгөн. БТӨсы бар 62 тоолукта өпкө кан айлануусунун жана ЖОЖСФАылын өзгөрүүлөрүнүн контролдук топ менен салыштырмалуу изилдөөсү жүргүзүлгөн. Контролдук топко жынысы жана жашы боюнча дал келген дени сак 42 адам кирген;

1-сүрөттө Тоолуктардын арасында популяциялык издөө блоксхемасы келтирилген.




1-сүрөт - Тоолуктардын арасында популяциялык издөө блок схемасы. *Эскертүү: ӨГ – өпкө гипертензиясы, БТӨГ – бийик тоо өпкө гипертониясы, ӨӨОО – өпкөнүн өнөкөт обструктивдүү оорусу, ТЖК – тубаса жүрөк кемтиги, ӨТЭӨГ – өнөкөт тромбоэмболиялык өпкө гипертониясы, ЖӨРО –*

*жүрө өнөкөт ревматикалык оорусу, көк төрт бурчтук – дени сак тоолуктар, кызыл төрт бурчтук – БТӨГсы, жашыл төрт бурчтук – дени сак ойдундуктар.*

Берлин жана Эпворт анкетасынын жардамы менен УДАБнун таралышы 494 тоолуктарда изилденген. Дени сак 31 кыргыз тоолуктарда уйкудагы дем алуу паттерндери (УДАП) изилденген. Контролдук топко жашы жана жынысы боюнча дал келген дени сак 33 тегиз жердин тургундары – этникалык кыргыздар кирген. УДАБнун өпкөнүн гемодинамикасына жана ЖОЖСФАлына тийгизген таасири УОАСму бар 61 тоолукта изилденген. Салыштыруу тобуна жынысы жана жашы боюнча туура келген дени сак 31 кыргыз улутундагы тоолуктар кирген.

Бийик тоонун УДАБнун жүрүшүнө жана ЖОЖСФАлына тийгизген таасири жынысы, жашы жана апное тобокелдик факторлору боюнча окшош болгон УОАСму бар кыргыз улутундагы 33 тоолуктарда жана 33 ойдундуктардын арасында изилденген. Кыска мөөнөттүү Сипап дарылосунун УДАПдерине тийгизген таасири УОАСму бар 30 тоолуктарда изилденген.

Ушундай эле ыкма тегиз жердин тургундарынын популяциялык изилдөөлөру менен дени сак жана УАОСу бар тургундар топторун тузууго киргизилген. УДАБтарынын жана алардын өпкө гемодинамикасына, ЖОЖСФАлына тийгизген таасиринин изилдөө дизайны 2-сүрөттө көрсөтүлгөн.




2-сүрөт – Тоолуктардын УДАБшун изилдөө дизайны.

*Эскертүү: УОАС – уйку обструктивдүү апноэ синдрому, Сипап дарылоо – үзгүлтүксүз оң аба басымы менем дарылоо, көк төрт бурчтук – дени сак*

*тоолуктар, кызыл төрт бурчтук – УОАС бар тоолуктар, жашыл төрт бурчтук – дени сак ойдуңдуктар, ачык курон төрт бурчтук – УОАС бар ондундуктар. Чекиттүү жебелер изилдөөнүн кийинки этабына бул топтун бир бөлүгү гана киргизилгенин көрсөтөт.*

**Статистикалык иштетүүнүн ыкмалары.** Statistika программалык пакети, 6.12 версиясы (SAS институту, АКШ) статистикалык талдоо жүргүзүү үчүн колдонулган. Маалыматтар Колмогоров-Смирнов ыкмасы боюнча бөлүштүрүүнүн түрү боюнча текшерилди. Изилдөө топторунун салыштырма талдоосу жупташкан жана жупташтырылбаган Стьюденттин тесттерин жана бөлүштүрүүнүн түрүнө жараша көз карандысыз маалыматтар үчүн Манн-Уитни тестин жана контролдук топ менен салыштыруу үчүн Даннеттин коррекциясы менен дисперсияны бир тараптуу талдоо аркылуу жүргүзүлдү. УДАБнун даражасы менен эхокардиографиялык көрсөткүчтөрдүн ортосундагы байланышты аныктоо үчүн Спирмандын сызыктуу корреляциялык анализ ыкмасы колдонулган. ИФА натыйжалары бир нече салыштыруу үчүн Tukey тестин колдонуу менен дисперсияны бир тараптуу талдоо жолу менен тандалды. Эки тараптуу маанилүүлүк деңгээли үчүн топтордун ортосундагы айырмачылыктардын мааниси $p < 0{,}05$те аныкталган. СОАС болжолдоочуларын аныктоо үчүн логистикалык регрессия ыкмасы олуттуу маанини (р), ыктымалдык катышын (ЫК) жана ишеним аралыгын (95% ИА) аныктоо үчүн колдонулган. Мүмкүн болгон предикторлорду аныктоо үчүн логистикалык талдоо колдонулган. Биринчи этапта бардык көрсөткүчтөр жөнөкөй логистикалык анализдин жардамы менен талданган. α мааниси <0,10 болгон бардык көрсөткүчтөр акыркы көз карандысыз предикторлорду аныктоо үчүн андан аркы коптук логистикалык талдоо үчүн тандалган. Көз карандысыз көрсөткүчтөрдү бара-бара алып салуу менен көптук логистикалык анализдин варианты колдонулган. Предикторлор α денгээлинде <0,05 болгондо гана көз карандысыз жана статистикалык маанилүү деп эсептелип, андан акыркы болжолдоочу моделге киргизилген.

**Үчүнчү бөлүмдө** изилдөөнүн жыйынтыктары жана аларды талкуулоо каралган.

**Бийик тоолуу аймактарда туруктуу жашаган этникалык кыргыздар арасында УОАСмунун тобокелдик факторлорунун таралышы**. Бул популяциялык изилдөөгө туруктуу бийик тоолуу аймактарда жашаган 1341 тургундары жана тегиз жерде жайгашкан айылдардын 541 тургуну катышты. Тоолуктар менен түздүктүктордүн ортосунда жаш жана жыныстык курамы боюнча олуттуу айырмачылыктар табылган жок. Бийик тоолуктардын ДМИ көрсөткүчтөрү түздүктүкторгө салыштырмалуу кыйла төмөн болгон (24,7 ± 4,5 кг/м2 каршы 27,7 ± 5,6 кг/м2). Түздүктүктордо семирүү тоолуктукдарга караганда дээрлик эки эсе көп болгон (29,2% [95% ИА 25,4-33,4] 13,8 [95% ИА 11,7-16,1], $p<0{,}001$). Тамеки чеккендер дагы түздүктүктордо кыйла көп болгон (31,3% [95% ИА 27,6-35,6] каршы 16,8% [95% ИА 13,5-19,3], $p<0{,}001$). Спирт ичимдиктерин колдонуунун жыштыгы дагы түздүктүктордо жогору болгон (33,1% [95% ИА 29,1–37,2] 14,0 [95% ИА

11,9–16,4], p<0,001). Түздүктүктордүн арасында артериялык гипертензиянын таралышы 44,9%ды [95% ИА 40,7-49,2], тоолуктуктардын арасында артериялык гипертензиянын жыштыгы 24,0%ды [95% ИА 21,3-26,8] түздү, бул түздүктүкторгө караганда дээрлик эки эсеге аз (p <0,001. Күтүлгөндөй эле, тоолукдукдарда перифериялык кандын кычкылтек сатурациясы түздүктүкторгө караганда статистикалык жактан кыйла төмөн болгон, бул атмосфералык басымдын төмөндүгү жана ошого ылайык, атмосферадагы кычкылтектин аз парциалдык басымы менен байланыштуу (3-сүрөт).




3-сүрөт – Жапыста жана бийик тоо жашоочуларынын кандын сатурациясы.

Өнөкөт артериялык гипоксемия экинчилик эритроцитозго алып келет. Натыйжада, тоолукдукдардын канындагы гемоглобиндин концентрациясы гө караганда статистикалык жактан кыйла жогору болгон (4-сүрөт).




4-сүрөт - Бийик тоо жана жапыз жердин жашоочуларынын кандагы гемоглобиндин концентрациясы.

**Этникалык тоолук кыргыздардын популяциясындагы скринингдик эхокардиографиясы боюнча ӨКТБмынын деңгээли.** Трикуспидалдык регургитациясы бар 1192 тоолукта канааттандырарлык эхокардиографиялык жазуулар алынган. Биздин маалыматтар боюнча, кыргыз тоолуктарда транстрикуспидалдык басымдын градиентинин (ТБГ) көрсөткүчтөрү түздүктүктордго караганда бир кыйла жогору болгон (30,5 ± 9,8 мм рт. рт. 25,0 ± 5,8 мм рт. рт. га каршы) (5-сүрөт).




5-сүрөт – Жапызта жана бийик тоо тургундарынын өпкө гемодинамикасы.

Тоолуктардын арасында орточо ӨКТБмынын деңгээли түздүктүктөргө караганда жогору болсо да, кыргыз тоолуктардын арасында өпкө кан тамыр басымынын маанилеринде байкаларлык өзгөрмөлүүлүк бар экени байкалган. Бул факт бардык эле адамдар бийик тоолуу жерлерде ӨКТБдын жогорулашына ийкемдуу эмес экенини тастыктайт. Ошентип, орто эсеп менен тоолуу аймактарда ӨКТБ жумшак жана орточо бийиктесе да, кээ бир тоолуктар түздүктүктөрдөн айырмаланбайт, ал эми башкаларында оор ӨГсы пайда болушу мүмкүн.

**Бийик тоолуу этникалык кыргыздардын популяциясындагы ӨГсынын ар кандай клиникалык формалары.**

Систоликалык ӨКТБмы 50ммHgдан жоогору болуп, ӨГсынын бар экендигин 97 изилденгендерде аныкталган (6-сүрөт). Алардын ичинен 15 бейтап жүроктун сол жак оорусу, 7 киши ӨРЖОсу, 7 бейтап ТЖКги, 5 оорулуу оор ӨӨООсу жана 1 адам ӨТЭӨГсы менен ооруган. Калган 62 изилденилген тоолуктарда БТӨГсы диагноздолгон. Ошентип, ӨГсынын бардык клиникалык формаларынын таралышы трикуспидалдык регургитациясы бар, доплерэхокардиографиядан өткөн 1192 тоолук тургундардын арасында 8,1% пайыз ды түздү (6-сурот).




6-сүрөт – Тоолуктардын ӨГсынын ар кандай клиникалык формалары.

Анд жана Тибеттеги башка популяцияларда эң кеңири таралган ӨГсынын түрү ӨӨООсунан улам экени аныкталган. Биздин изилдөөбүздө ӨӨООсу менен байланышкан ӨГсынын аздыгы бир нече факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн. Биринчиден, тоолуктардын арасында тамеки чеккендер дээрлик болгон эмес. Экинчиден, бул жерде өпкөнүн саламаттыгына зыян келтирүүчү өндүрүштөр болгон эмес. Үчүнчүдөн, жапызтагы ири шаарлардын салыштырмалуу жакындыгынан тоолуктар оорунун алгачкы стадияларында эле тегиздике кетип калышы мүмкүн.

Биздин изилдөөбүздө айрым учурларда БТӨГсы ТЖКнен келип чыгышы мүмкүн экенин көрсөттүк. ӨГ ТЖКтеринин салыштырмалуу кеңири таралган кесепети экенин белгилоо манилуу. Белгилей кетчү нерсе көпчүлүк оор ТЖКтер эрте жашында эле аныкталып коррекцияланат же бейтаптар бойго жеткенге чейин эле керектуу дарыланбагандыктан оорусунун күчөшүнөн улам коз жумушат. Кээ бир учурларда изилдөөбүздө тоодо ӨРЖОсу дагы ӨГсынын себеби болушу мүмкүн экенин көрсөттүк. ӨРЖОлары кирешеси төмөн жана орто көптөгөн өлкөлөрдө кеңири таралган жана оорулуулуктун жана эрте өлүмдүн негизги себеби болуп калууда.

Бийик тоолуу жерлерде ӨГсы белгилүү бир бөлүгү сол жүрөктүн ооруларынан келип чыгышы мүмкүн экенин биз изилдөөбүздө көрсөттүк. Тоолуктар, адатта, кыймылсыз жашоо образы, семирүү, тамеки чегүү жана стресс сыяктуу жүрөк-кан тамыр ооруларынын тобокелдик факторлоруна азыраак кабылышат. Тоодогу гипоксия кандын уюп калуу тобокелчилигин кучошу менен байланышкан. Өнөкөт гипоксиядан улам гематокриттин жана эритроцитоздун көбөйүшү кандын илешкектүүлүгүнө таасирин тийгизип, тоолуктардын канынын агымын начарлатат. Биз изилдөө учурунда бир тоолукта ӨТЭӨГсынын кызыктуу учурун аныктадык.

Ошентип, тоолуктардын ӨГсынын негизин жапыстагы эле кенири таралган себептер тузушу мүмкүн. Тоолуктардын БТӨГсынын себептерин

аныктоодогу көйгөйлөр негизги оорунун симптомсуз өтүшү, тоолуктардын билим деңгээлинин төмөндүгү, диагностикалык каражаттардын чектелгендиги жана жергиликтүү дарыгерлердин маалымдуулугунун жана сергектигинин төмөндүгү менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**Тоолук этникалык кыргыздардын ӨКТБмынын жогорулашына таасир этүүчү факторлор**. Биздин корреляциялык анализ ӨКТБдын деңгээли менен кандын кычкылтек сатурациясынын даражасынын ортосундагы олуттуу тескери байланышты көрсөттү (7- сүрөт).




7-сүрөт – Тоолукдуктар жана түздүктүктөрдө ТБГти менен кандын кычкылтек сатурациясынын ортосундагы корреляция.

Бийик тоодо узак мөөнөттүү жашоо кээ бир адамдарда ашыкча эритроцитоздун өнүгүшүн шарттайт. Ошол эле учурда биздин корреляциялык анализ ТБГтин маанисинин гемоглобин концентрациясына көз карандылыгын көрсөткөн жок (8-сүрөт).




8-сүрөт – Тоолукдуктар жана түздүктүктөрдө ТБГтинин жана гемоглобиндин концентрациясынын ортосундагы корреляция

Биз суукtun кыска мөөнөттүү таасиринен улам тоодо ӨКТБдын көбөйгөнүн көрсөттүк. Биз кышында тоодо ӨКТБ көрсөткүчтөрү жайкысынан (34,4 ± 10,2 ммHg каршы 31,3 ± 8,2 ммHg) жогору экенин көрсөттүк, бул суукtun өнөкөт таасиринен улам ӨКТБ жогорулашын билдирет (9-сүрөт).




9-сүрөт – Кыш, жай мегилдеги жапыздыкта жана тоодо ТБГти.

Биз кышында тоолуктарда ӨКТБдын ашыкча жогорулашы, ал эми жайында байкаларлык төмөндөгөн окуяны келтирдик. Бул учур өпкө кан тамырларынын суука болгон ашыкча сезгичтиги болушу жонундо кабарлайт.

Азот кычкылы күчтүү вазодилататордук таасирге ээ. Биздин изилдөөбүздө биз тоолуктардын дем чыгарган абасында азот кычкылынын түздүктүктөргө салыштырмалуу азайгандыгын байкадык (10-сүрөт).




10-сүрөт – Жапызтагы жана бийик тоолуу жашоочулардын дем чыгарган абасындагы азот кычкылы фракциясынын деңгээли.

Бирок, биз дем чыгарган абадагы азот кычкылы фракциясынын маанилери менен тоолуктардын ТГД маанилеринин ортосунда корреляцияны тапкан жокпуз (11-сүрөт).




11-сүрөт – Тоолукдуктар жана түздүктүктөрдүн дем чыгарган абасындагы азот оксидинин ТБГинин маанилери менен байланышы.

**Өтө сезгич ткандык доплер эхокардиографиясы (ӨСТЭхокг) боюнча БТӨГсы бар тоолуктарда жүрөктүн оң карынчасынын структуралык-функционалдык абалы.** БТӨГсы тоолуктарда жүрөктүн оң карынчасынын структуралык жана функционалдуу абалын мүнөздөп берүү максатында 42 дени сак тоолук жана 62 БТӨГсы бар тоолуктардын эхокардиографиялык көрсөткүчтөрдүн салыштырма анализин жүргүздүк. Изилденген тоолуктардын демографиялык маалыматтары, өпкө гемодинамикасынын параметрлери, жүрөктүн сол жана оң карынчаларынын түзүлүшү жана функциясы 1-таблицада келтирилген.

1-таблица – БТӨГсы бар жана дени сак тоолуктарда жүрөктүн структуралык жана функциялык абалынын жана өпкө гемодинамикасынын салыштырма мүнөздөмөлөрү.

| **Өлчөмдөрү** | **Дени сак тоолуктар** | **БТӨГсы бар тоолуктар** | **P** |
|---|---|---|---|
| Текшерилгендер, n | 42 | 62 | |
| Жашы, жыл | 42,2 ± 9,3 | 48,0 ± 12,0 | < *0,05* |
| Салмагы, кг | 67,2 ± 11,6 | 66,6 ± 12,5 | и/э |
| Бою, м | 1,7 ± 0,5 | 1,6 ± 0,3 | и/э |
| ДМИ, кг/м$^2$ | 24,3 ± 4,2 | 26,5 ± 5,0 | < *0,05* |
| $SpO_2$, % | 90,2 ± 2,2 | 88,2 ± 4,4 | < *0,01* |
| СКБ, мм рт.ст. | 109,9 ± 10,6 | 123,3 ± 21,3 | < *0,05* |
| ДКБ, мм рт.ст. | 76,6 ± 6,1 | 80,8 ± 10,8 | < *0,05* |

*1 – таблицанын уландысы*

| | | | |
|---|---|---|---|
| СД, см | 3,2 ± 0,5 | 3,3 ± 0,5 | и/э |
| СКСДӨ, см | 4,7 ± 0,6 | 4,7 ± 0,4 | и/э |
| СКССӨ, см | 2,9 ± 0,4 | 2,9 ± 0,4 | и/э |
| УК, мл | 71,9 ± 15,8 | 72,9 ± 13,8 | и/э |
| ЖЫ, л/мин | 5,3 ± 0,9 | 5,6 ± 1,2 | и/э |
| ЖКТ, уд./мин | 75,7 ± 13,0 | 83,7 ± 11,2 | и/э |
| СКЧВ, % | 68,0 ± 5,9 | 68,8 ± 8,3 | и/э |
| ТБГ, мм рт.ст. | 25,5 ± 3,0 | 53,8 ± 3,7 | *< 0,001* |
| СӨКТБ, мм рт.ст. | 30,5 + 2,8 | 57,6 ± 4,4 | *< 0,001* |
| ӨКТЖК, дин·с·см$^{-5}$ | 160,2 ± 2,6 | 317,9 ± 4,9 | *< 0,001* |
| ӨААТУ, мс | 120,8 ± 14,5 | 100,1 ± 18,7 | *< 0,001* |
| ОКОД, см | 3,8 ± 0,5 | 4,1 ± 0,6 | *< 0,05* |
| ОКБД, см | 3,0 ± 0,4 | 3,3 ± 0,4 | *< 0,05* |
| ОКУКД, см | 6,8 ± 0,5 | 7,2 ± 0,6 | < 0,05 |
| ОКАДК, см | 0,37 ± 0,05 | 0,43 ± 0,06 | < 0,001 |
| ОКСДА, см$^2$ | 16,8 ± 3,7 | 20,5 ± 3,9 | < 0,001 |
| ОКССА, см$^2$ | 9,5 ± 2,4 | 11,6 ± 2,9 | < 0,01 |
| ОДЧД, см | 4,4 ± 0,6 | 5,6 ± 0,5 | < 0,05 |
| ОДКД, см | 3,6 ± 0,6 | 4,6 ± 0,5 | < 0,05 |
| ОДССА, см$^2$ | 14,2 ± 3,8 | 17,8 ± 3,3 | < 0,05 |
| ОК Е/А | 1,37 ± 0,78 | 0,57 ± 0,47 | < 0,01 |
| ОК Е'/А' | 1,44 ± 0,66 | 0,52 ± 0,43 | < 0,01 |
| ОК Е/Е' | 6,12 ± 1,72 | 6,7 ± 1,60 | *< 0,01* |
| ТКАВШСЭ, см | 2,3 ± 0,4 | 2,4 ± 0,5 | и/э |
| ОКАӨФ, % | 43,0 ± 9,5 | 42,1 ± 9,3 | и/э |
| ОК S', см/с | 16,5 ± 2,6 | 14,5 ± 2,8 | *< 0,05* |
| ОК Тея индекси | 0,40 ± 0,12 | 0,55 ± 0,24 | *< 0,05* |

*Эскертүү (бул жерде жана андан аркы таблицаларда): ДМИ – дене массасынын индекси, $SpO_2$ – кандын кычкылтек сатурациясы, СКБ – систоликалык кан басымы, ДКБ – диастоликалык кан басымы, СД – сол дүлөйчө, СКСДӨ – сол карынчанын соңку диастоликалык өлчөмү, СКССӨ – сол карынчанын сонку систоликалык өлчөмү, УК – урулуу көлөмү, ЖЫ – жүрөк ыргыткандыгы, ЖКТ – жүрөктүн кагышы тездиги, СКЧФ – сол карынчанын чыгаруу фракциясы, ТБГ – транстрикуспидалдык басымдын градиенти, СӨКТБ – систоликалык өпкө кан тамыр басымы, ӨКТЖК – өпкө кан тамырынын жалпы каршылыгы, ӨААТУ – өпкө артериясынын агымынын тездөө убактысы, ОКОД – оң карынчанын ортолук диаметри, ОКБД – оң карынчанын базалдык диаметри, ОКУКД – оң карынчанын узунунан кеткен диаметри, ОКАДК – оң карынчанын алдыңкы дубалынын калыңдыгы, ОКСДА - оң карынчанын соңку диастоликалык аймагы, ОКССА - оң карынчанын соңку систоликалык аймагы, ОДЧД - оң дүлөйчөнун чоң диаметри, ОДКД - оң*

*дүлөйчөнун кичи диаметри, ОДССА - оң дүлөйчө соңку систолалык аймагы, ОК Е/А – оң карынчанын транстрикуспидалдык эрте диастоликалык толтурулуш агымымынын ылдамдыктарынын Е кечки диастоликалык тотурулуш агымына ылдамдыктарына А катышы, ОК Е'/А' – оң карынчанын ӨСТДЭхокг боюнча трикуспидалдык клапанынын атриовентрикулярдык шакекчесинин эрте Е' жана кечки А' диастоликалык кыймылынын максималдуу ылдамдыктарынын катышы, ОК Е/Е' – он карынчанын эрте толтуруу фазасынын кан агымынын максималдуу ылдамдыгынын Е трикуспидалдык клапанынын атриовентрикулярдык шакекчеси эрте диастоликалык кыймылдын максималдуу ылдамдыгына Е' катышы, ОК S' – оң карынчанын трикуспидалдык клапанынын фиброздуу шакекчесинин каптал зонасында миокарддын систоликалык ылдамдыгы, ОК Тея индекси – оң карынчанын Тея индекси, ТКАВШСЭ - трикуспидалдык клапанынын атриовентрикулярдык шакекчеси систоликалык экскурсиясы, ОКАӨФ – оң карынчанын аймагынын өзгөрүү фракциясы, и/э – ишенимдүү эмес.*

Биздин анализ көрсөткөндөй, БТӨГсы бар тоолуктар дени сак тоолуктарга салыштырмалуу бир аз улгайган жана ДМИ жогору болгон. БТӨГсы бар тоолуктарда кандын кычкылтек сатурациясы SpO2 дени сак тоолуктарга караганда бир кыйла төмөн болгон. Мындан тышкары, БТӨГсы бар тоолуктарда систоликалык жана диастоликалык кан басымы бир аз жогору болгон. Жүрөктүн сол карынчасынын структурасын жана функциясын мүнөздөгөн эхокардиографиялык көрсөткүчтөрү СКСДӨ, СКССӨ, ЖЫ, СКЧФсы тоолуктардын эки тобунда айырмаланган эмес.

Эхокардиографиялык өпкө гемодинамикалык параметрлери, мисалы, ТБГ, СӨКТБ, ӨААТУ жана ӨКТЖК БТӨГсы бар тоолуктарда ӨКТБмынын жогору экендигин көрсөттү. Базалдык (4,1 ± 0,6 см 3,8 ± 0,5 смге каршы), ортолук (3,3 ± 0,4 см 3,0 ± 0,4 смге каршы) жана узунунан кеткен диаметрлер (7,2 ± 0,6 см жана 6,8 ± 0,5 смге каршы) ОКСДА (20,5 ± 3,9 см2 против 16,8 ± 3,7 см2ка каршы) и ОКССА (11,6 ± 2,9 см2 против 9,5 ± 2,4 см2ка каршы), ОДКД (4,6 ± 0,5 см 3,6 ± 0,6 смге каршы) и ОДЧД (5,6 ± 0,5 см 4,4 ± 0,6 смге каршы) ОДССА (17,8 ± 3,3 см2 14,2 ± 3,8 см2ка каршы) БТӨГсы бар тоолуктарда кыйла жогору болгон жана оң жүрөктүн кеңейүүсүн көрсөткөн, бул оң жүрөктүн ремоделированиесин көрсөтүп турат. БТӨГсы бар тоолуктарда жүрөктүн ОКАДК дени сак тоолуктардыкынан ашып кеткен, бул ОКГ бар экендигин көрсөткөн (0,43 ± 0,06 см 0,37 ± 0,05 см).

Оң карынчанын систоликалык функциясынын салттуу ыкмалары *ОКАӨФ, ТКАВШСЭ* эки топтун ортосунда айырмаланган жок, бул БТӨГсы бар адамдарда оң карынчанын систоликалык функциясынын бузулушу жок экендигин көрсөтүп турат. Ошол эле учурда жүрөктүн оң карынчасынын диастоликалык функциясынын салттуу олчому Е/А ПЖ (0,57 ± 0,47 каршы 1,37 ± 0,78ге) жана ӨСТДЭхокгсын колдонуу менен аныкталган трикуспидалдык шакекчесинин систолалык ылдамдыгы S' (14,5 ± 2,8 см/с 16,5 ± 2,6 см/с каршы), диастоликалык функция ОК Е'/А' (0,52 ± 0,43 1,44 ± 0,66га каршы) жана ОК Тея индекси (0,55 ± 0,24 0,40 ± 0,12ге каршы) БТӨГсы бар тоолуктарда дени сак тоолуктарга салыштырмалуу оң карынчанын

диастоликалык функциясынын олуттуу бузулушун жана жашыруун систолалык дисфункциясы бар эенин көрсөттү.

Ошентип, БТӨГ тоолуктарда ӨКТБмы көбөйүп, салттуу ыкмалар жүрөктүн оң жагынын айкын ремоделилированиеси, оң карынчанын диастоликалык жана глобалдык функциясы бузулгандыгы, ал эми ситоликалык функциясы сакталгандыгы гана корсотоалды. Бирок ӨСТДЭхокгсын колдонуу гана жүрөктүн оң карынчасынын жашыруун систолалык дисфункциясынын (ЖОКЖСД) бар экендигин аныктай алды. Бул жашыруун бузулуштар кийинчерээк жүрөктүн оң карынчасынын систолалык функциясынын айкын, оор бузулушуна алып келиши мүмкүн. Биз БТӨГсынын бир учурун сүрөттөп бердик, анда ӨКТБ олуттуу жогорулаган, олуттуу ОКГ жана кеңейиши менен систолилалык жана диастоликалык функциялары катуу бузулган. Бул факт БТӨГсы бар тоолуктарда ЖОКЖСДсыны эрте аныктоо үчүн заманбап ӨСТДЭхокг ыкмаларын колдонуунун маанилүүлүгүн баса белгилейт.

**Бийик тоо өпкө гипертониясы бар тоолуктарда келечектүү биомаркерлердин денгээли.** БТӨГсы бар тоолуктарда плазмада айлануучу эндотелин-1дин денгээли дени сак тоолуктарга салыштырмалуу жогору экендигин таптык (7,1 ± 2,4 пг/мл 4,7 ± 1,7 пг/млге каршы) (12-сүрөт).




12-сүрөт – Бийик тоо өпкө гипертониясы (БТӨГ) бар жана дени сак тоолуктарда (ДСТ) эндотелин-1дин деңгээли. *Эскертүү: (бул жерде жана андан аркы сүрөтөрдө).*

Жаңы биомаркерлер катары биз апоптоздун ApoC1, TRAIL, FasL, мээ натрий уретикалык пептид (МНУП) сыяктуу канда циркуляциялануучу

маркерлеринин деңгээлин тоолуктардын жана түздүкдуктөрдүн кан плазмасында ELISA аркылуу аныктадык. Биздин изилдөөбүздө АпоС1дин (аполипопротеин С1) циркуляциялануучу деңгээли тоолуктардын эки тобунда тең көбөйгөн, бирок статистикалык олуттуу айырмачылыктар туздукдуктор менен дени сак тоолуктуктарда гана байкалган (13-сүрөт).

Айлануучу TRAIL деңгээли (Tumor necrosis factor (TNF)-related apoptosis-inducing ligand – апоптозду пайда кылуучу жана шишик некроз факторунун үй-бүлөсүнүн цитокиндерине таандык лиганд) бийик тоолуу жана жапыз жердин топторунун ортосунда олуттуу айырмаланган эмес (13-сүрөт).




13-сүрөт – Апоптоздун циркуляцияланууучу маркерлеринин жапызта жашоочулардын (ЖЖ), БТӨГсы бар жана ДСТдын арасында деңгээли.

Биз тоолуктарда түздүкдүкторго салыштырмалуу циркуляцияланууучу FasL (Fas лиганд, фас белок менен байланышуучу трансмембраналык белок, шишик некроз факторунун суперфамилиясынын 6-мүчөсү) деңгээлинин бир аз төмөндөгөнүн таптык, бирок статистикалык түрдө олуттуу төмөндөө БТӨГсы бар тоолуктарда гана байкалган (13-сүрөт).

Биз ӨГсында кеңири колдонулуучу маанилүү биомаркер болгон МНУП дин циркуляцияланууучу деңгээлинде тоолуктардын жана жапыздыктардын топторунун ортосунда олуттуу айырмачылыктарды таппадык (13-сүрөт).

Биз ошондой эле кан плазмасындагы FasL деңгээли менен ТБГнин көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы корреляциянын бар экендигин изилдедик.

Тоолуктарда жана түздүктүктордо циркуляцияланууучу FasL деңгээли менен ТБГтинин маанилеринин ортосунда олуттуу терс корреляция бар экендиги аныкталды (сүрөт 14).

Ошентип, биз биринчи жолу тоолуу аймактарда апоптоздун FasL циркуляцияланууучу маркеринин төмөндөшүнүн болушун жана анын өпкө гипертониясы менен байланышын аныктадык. Мындан тышкары, биздин маалыматтар апоптоз маркер FasL БТӨГсы үчүн мүмкүн болгон биомаркер катары кызмат кыла алат деп болжолдойт.




14-сүрөт – Жапыз жерде жана тоо жашоочуларында апоптоздун канда циркуляцияланууучу FasL маркеринин деңгээли менен транстрикуспиддалдык басым градиентинин (ТБГ) ортосундагы корреляция.

Микробөлүкчөлөр – ар кандай клеткалык процесстер учурунда дени сак адамдардын кан агымына бөлүнүп чыккан клетка мембраналарынын фрагменттери. Канда айлануучу CD62E-позитивдүү микробөлүкчөлөрдүн деңгээли топтордун ортосунда салыштырууга болот, муну эске албаганда, жылуу мезгилге салыштырмалуу суук мезгилде жапыздыктарда бул микробөлүкчөлөрдүн саны олуттуу өскөн (15А-сүрөт). CD3-оң микробөлүкчөлөрдүн саны топтордун ортосунда олуттуу айырмаланган эмес (сүрөт 15В). Бирок, суук мезгилде БТӨГсы бар тоолуктарда CD68-позитивдүү микробөлүкчөлөрдүн саны кыйла көбөйгөн (сүрөт 15В). Ошентип, биз суук мезгилде жапыз жерде жана БТӨГсы тоолуктарда кандагы

циркуляцияланууучу микробөлүкчөлөрдүн санынын дифференциалдуу өсүшүн таптык, бул микробөлүкчөлөрдүн БТӨГсында биомаркер катары маанилүүлүгүн баса белгилейт.




15-сүрөт - Бийик тоонун жана сууктун жапыз жердин жашоочуларынын, дени сак жана БТӨГсы бар тоолуктардын ар кандай клетка түрлөрүнөн келип чыккан циркуляцияланууучу микробөлүкчөлөрдүн деңгээлине таасири. *Эскертүү: (бул жерде жана андан аркы сүрөтөрдө). Агымдык цитометрия менен ар кандай эндотелий клеткаларынан (CD62E) -* ***А,*** *сезгенүү клеткаларынан (Т-клеткалар (CD3) -* ***Б*** *жана макрофагдардан (CD68) -* ***В*** *алынган микробөлүкчөлөрдүн мүнөздөмөсү жана сандык баалосу. Натыйжалар орточо ± стандарттык ката катары берилген. * p <0,05.*

Биздин натыйжаларыбызда плазмадагы ангиопоэтин сымал протеин 4 (Angptl4) БТӨГсы бар тоолуктарда дени сак туздукдукторго жана дени сак тоолуктарга караганда бир кыйла жогору болгон (сүрөт 16). Бирок, дени сак тоо тургундары менен дени сак түздүктогу тургундарынын ортосунда канда айланууучу Angptl4 деңгээлдеринде олуттуу айырма болгон эмес (сүрөт 16). Бул маалыматтар Angptl4 БТӨГсынын өнүгушундо олуттуу ролду ойной аларына жана потенциалдуу биомаркер катары кызмат кылышына мүмкүн берет.




16-сүрөт – Дени сак жапыздыктарда (ЖЖ), дени сак тоолуктарда (ДСТ) жана бийик тоо өпкө гипертензиясы (БТӨГ) бар тоо жашоочуларынын кан плазмасындагы ангиопоэтинге окшош протеин 4 (Angptl4) деңгээли. Маалыматтар топтун орточо мааниси менен бирге жеке маанилерилер катары дагы берилген. *P <0,05.

Биз изилдөөбүздө БТӨГсы бар тоолуктар менен дени сак тоолуктардын ортосунда остеопонтиндин канда айлануучу деңгээлинин олуттуу айырмачылыктарын тапкан жокпуз (сүрөт 17). Белгилеп кетсек, дени сак тоолуктарда кан плазмасындагы остеопонтиндин деңгээли дени сак туздукдукторго караганда бир топ төмөн болгон (сүрөт 17).




17-сүрөт – Дени сак жапыз жердин жашоочуларынын (ЖЖ), дени сак тоолуктар (ДСТ) жана бийик тоо өпкө гипертензиясы (БТӨГ) бар тоолуктардын кан плазмасындагы остеопонтиндин деңгээли. Маалыматтар топтун орточо мааниси менен бирге жеке маанилерилер катары дагы берилген. *P <0,05.

Ошентип, ӨГсынын бардык эле биомаркерлери БТӨГсына колдонула бербейт. Ошол эле учурда, кээ бир биомаркерлер БТӨГсы үчүн өзгөчө спецификалык болушу мүмкүн.

**Тоолуктардын поуляциясындагы уккудагы дем алуунун бузулушунун кездеши.** УААБсунун ыктымалдыгы Берлин анкетасынын жардамы менен бааланды. Берлин анкетасына менен сурамжылоонун негизинде, 494 бийик тоолуу тургундардын иченен 91(18%) тоолуктарда УОАСмунун жогорку ыктымалдыгы аныкталды, ал эми ойдуң аймактарда 541 кишинин иченен УОАСнун жогорку ыктымалдыгы 119 адамда (22%) бар экени билинди.

